# АКТ

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (физика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн сунушталган “Келечекте физика мугалимдеринин окуу-таануу ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасы” деген темада изденүүчү Кадырова Тойжан Рыскуловнанын алгачкы документтерин текшерүү.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.23.675 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясы:

1. п.и.д., профессор Бабаев Д. Б.
2. п.и.д., профессор Байсеркеев А. Э.
3. п.и.д., доцент Курманкулов Ш. Ж.

06.12.2022-жылы Кадырова Тойжан Рыскуловнанын “Келечекте физика мугалимдеринин окуу-таануу ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасы” аттуу темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (физика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталган алгачкы материалды текшеришти.

**Илимий жетекчиси:** п.и.д., профессор Т. М. Сияев

**Комиссияга изилдөөнүн төмөнкү материалдары сунушталды:**

1. Келечектеги физика мугалимдеринин окуу-таануу ишмердүүлүгүн өркүндөтүү боюнча комплекстүү анкета.
2. Жогорку окуу жайларында келечектеги физика мугалимдерди даярдоонун теориялык аспектилеринин анализи жана студенттердин арасында жүргүзүлгөн анкеталык талдоосу.
3. Жогорку окуу жайлардагы физик студенттер менен жүргүзүлгөн тесттин суроолору.
4. Студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн өстүрүүгө таасир берүүчү, креативдүү ойлонууну талап кылган «сапаттык тапшырмалар», «эвристикалык мазмундагы эксперименталдык тапшырмалар», «кызыктуу тапшырмалар» деген шарттуу түрдөгү бөлүштүрүү менен сүрөттөлүп даярдалуусу.

5. ЖТРде физика предметин тандаган бүтүрүүчүлөрдүн көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүү анализинин тенденциясы.
6. Физиканы окутууда окуу-таануу ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн технологиялык этаптары.
7. Диссертациялык иште дидактикалык жана практикалык материалдардын үлгүсү.
8. Когнитивдик-мазмундук, мотивациялык-баалуулук, уюштуруучулук-ишмердүүлүк компоненттердин ишке ашырылуусу.
9. Педагогикалык эксперименттин натыйжалуулугун аныктоочу методикалык суроолор (34 суроо).
10. Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын жайылтылышы тууралуу АКТ.

Текшерүүнүн жыйынтыгында төмөнкүлөр аныкталды: жогорку окуу жайларында физика мугалимдерин кесиптик жактан даярдоонун теориядагы жана практикадагы абалы талдоого алынган. Студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн калыптандыруунун мазмуну аны өркүндөтүүнүн илимий-методикалык шарттары аныкталган. Студенттердин окуу-таануу ишмердүүлүгүнүн маңызы, мазмуну жана түрлөрү такталган, ошондой эле анын физикалык процесстерди, закондорду жана кубулуштарды терең, толук түшүнүүдөгү ролу аныкталган. Жогорку окуу жайларында физика мугалимдеринин окуу-таануу ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө багытталган окуу материалдары, атайын дидактикалык электрондук ресурстар даярдалган жана аны окутуунун технологиялары иштелип чыккан, окуу процессине киргизилген. Иштелип чыккан илимий-методикалык иштердин эффективдүүлүгү педагогикалык экспериментте текшерилди жана илимий жактан тастыкталган. Документтер туура түзүлгөн. Каттоо документтери боюнча диссертацияда келтирилген изилдөөлөрдүн натыйжалары аткарылган изилдөөлөрдүн көлөмүнө толугу менен шайкеш келет.

## Жыйынтык

Ошентип, жүргүзүлгөн текшерүүнүн натыйжасында комиссия Кадырова Тойжан Рыскуловнанын “Келечекте физика мугалимдеринин окуу-таануу ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн методикасы” аттуу темадагы диссертациялык иши боюнча алгачкы документация фактылык далилдерге ылайык туура түзүлгөн деп жыйынтыктайт. Бардык изилдөөлөр белгиленген тартипте катталган. Аткарылган изилдөөлөрдүн аныктыгы аткарылган иштин бүткүл көлөмүн толук чагылдырган алгачкы документтерди каттоонун тууралыгы менен ырасталат.

Текшерүүнүн жыйынтыгында комиссия Т. Р. Кадырованын диссертациялык ишине негиз болгон алгачкы материалдардын аныктыгын жана автордун жеке салымын тастыктайт.

Эксперттик комиссиянын курамы:

1. п.и.д., профессор Д. Б. Бабаев

2. п.и.д., профессор А. Э. Байсеркеев

3. п.и.д., доцент Ш. Ж. Курманкулов

Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын кол тамгаларын бекитемин:

Д 13.23.675 диссертациялык кеңешинин

окумуштуу катчысы, п.и.д., доцент А. К. Чалданбаева